**Абдувапова Айнагүл Тешебаевнанын “Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде)” аттуу 07.00.07. –Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына**

# ПИКИР

## 1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугунун негизделиши

Өлкө эгемендүүлүктү алгандан кийинки социалдык-экономикалык, саясий турмуштагы кескин бурулуш, андагы болуп жаткан кыйынчылыктар демографиялык жүрүмдөрдөгү өзгөрүүлөргө алып келди. Бул жылдарда социалдык-демографиялык кырдаал бир кылка өнүккөн жок.

Азыркы мезгилдеги этнодемографиялык жүрүмдөрдү кыргызстандыктарды башка өлкөлөргө чыгууга аргасыз кылып жаткан эмгек миграциясы аныктап келе жатат. Калктын социалдык жана этностук түзүмүндөгү өзгөрүүлөрдү талдоо, анын демографиялык өнүгүүсүндөгү азыркы учурдагы социалдык-экономикалык жаңылануулар менен шартталган багыттарды жана алардын өлкөгө жагымдуу жана жагымсыз жактарын белгилөө менен тийиштүү мамлекеттик уюмдарга сунуш киргизип туруу – бул коомдук илимдердин, анын ичинде этнология илиминин милдеттеринин бири.

Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу негиздүү экендиги талашсыз.

## 2. Илимий жыйынтыктар

**1-*жыйынтык*.** Изилдөөчү илимий ишинде анын максатын жана милдеттерин ачып көрсөтө алган кээ бир расмий документтерди, этносоциологиялык изилдөөнүн материалдарын, статистикалык маалыматтарды, байкоо жүргүзүү, маектешүүнүн жыйынтыктарын

топтоштуруу, талдоо, салыштыруу аркылуу теманын тастыктай алган (Киришүү бөлүгү, 3-12-б.)

***2-жыйынтык.***Изилдөөдө диссертант Ош облусундагы этнодемографиялык жүрүмдөрдүн тарыхый мезгил аралыгындагы мүнөздүү багыттарын көрсөтүүгө, сурамжылоо, байкоо методдору менен салыштырып изилдеген.

***3-жыйынтык.*** Ош облусунун көп этностуу тургундары жаңы жумуш жана жаңы киреше булактарын издөөгө аргасыз болушту. Жумуш менен камсыз болгон калктын социалдык түзүмүндө өндүрүштө иштегендерге караганда тейлөө чөйрөсүндө эмгектенгендердин саны өскөн.

***4-жыйынтык.*** Облустун калкынын ичинде эмгекке жарамдуулардын саны өскөндүгүн жана балдар жана өспүрүмдөрдүн саны азайгандыгын белгилеген. Облуста жашап жаткан этностордун курамы жаш-курактык жактан айырмалангандыгы материалдар менен тастыкталган. Ички жана тышкы миграциянын агымы башка аймактарга караганда чоң экендиги аныкталган (III бап, 3-,4-бөлүктөр).

***5-жыйынтык.*** Ош облусунун калкы көп этностуу жана миграциялык агымдардын натыйжасында акыркы отуз жылдай аралыкта облустун калкынын этностук курамы бир топ өзгөрүүлөргө дуушар болду. Анда кыргыздардын, өзбектердин саны көбөйгөндүгүн, орустардын, жана башка славян тилдүү этностордун саны кыскарып жаткандыгын далилдеген. Кыргыздар Ош облусунун бардык райондорунда негизги басымдуу көпчүлүктү түзгөн калк катары бир кылка жайгашкан. Ош облусунун калкынын арасында улуттар аралык аралаш никелер кеңири тараган, булкөрүнүшкөпчүлүк учурда кыргыз жана өзбек этносторунун ортосунда болуп жаткандыгын изилдеген. (IV бап, 1-,2-, 3-бөлүм).

3. **Диссертациядагы ар бир жыйынтыктын жана корутундунун негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли**

Илимий изилдөөдө колдонулган ыкмалар диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ишке ашырууда жыйынтыктарды, алардын негизинде илимий жоболорду, корутундуларды ырастаган.

**1-жыйынтык.**Этнодемографиялык жүрүмгө таасирин тийгизген негизги фактор – социалдык-экономикалык фактор экендиги аныкталды. Эгемендик мезгилинде Ош облусундагы калктын табигый өсүшү калктын өнүгүүсүндө негизги ролду ойноору белгиленди.

**2-жыйынтык.**Азыркы мезгилде облустун калкынын жакынкы жана алыскы мамлекеттерге жана республиканын түндүк облустарына, айылдардан шаарларга миграциялык кыймылы күчөгөндүгү этносоциологиялык жана статистикалык материалдардын негизинде изилденген. Эгемендүүлүктүн шартында миграция Ош облусунун этнодемографиялык жүрүмдөргө өзгөрүүлөрдү киргизгендиги изилдөөлөрдүн материалдары менен тастыкталган.

**3-жыйынтык.** Эл каттоолордун аралыгында облустун калкынын этносторунун жалпы калктын ичиндеги үлүшү өзгөрдү. Этностордун санынын өзгөрүүсүнө эгемен мамлекеттүүлүккө жетишүү, рынок экономикасына өтүү, экономикалык кардиналдуу реформалар, турмуш-тиричиликтеги кыйынчылыктар, жумушсуздуктун айынан миграциянын күч алышы таасирин тийгизгендигин аныктап чыккан.

**4- жыйынтык.** Облустагы славян тилдүү этностору тарыхый мекенине туруктуу жашоого көчүп кетиши алардын санынын кескин кыскарышына алып келсе, облустун калкынын арасында кыргыз, өзбек, тажик, уйгурлардын саны өсүүдө жана алардын шаарларда, райондун борборлорунда, айылдардагыкалктын ичиндеги үлүшү жогорулап бара жаткандыгы изилдеген.

**5-жыйынтык.** Ош облусунун калкы демографиялык жактан жаш деп эсептелет, анткени калктын курамында балдардын жана өспүрүмдөрдүн саны басымдуу. Облус калкынын арасындагы этностордун турмушундагы жана маданиятындагы окшоштуктар аралаш үй-бүлөлөрдүн түзүлүшүнө жана

өнүгүүсүнө шарттарды түзүүдө жана көп аралаш никелер кыргыз-өзбек, өзбек-кыргыз жана азыраак башка улуттар менен түгөйлөрүндө кездешип жаткандыгын этносоциологиялык жана статистикалык материалдарды талдоонун негизинде аныктаган.

4. **Диссертациялык иштеги ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун), корутундунун жаңычылыгынын деңгээли.**

Диссертанттын илимий жоболору, корутундулары өзүнүн этнографиялык, этносоциологиялык иликтөөлөрүнүн негизинде жүргүзүлүп, жаңы маалыматтар менен тастыктагандыктан,жалпысынан,1-, 2-, 3-, 4-, 5-илимий жыйынтыктарды жаңы деп баалоого болот.

**5.Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачып берүүдө, изилдөөгө алынган актуалдуу маселелерди чечүүдө, илимий иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо.**

Абдувапова Айнагүл Тешебаевнанын диссертациясынын негизги илимий жыйынтыктары жана бүтүмдөрү этносоциологиялык материалдардын жана башка статистикалык маалыматтарды талдоонун негизинде чыгарылган.

Илимий жыйынтыктар этнология, этносоциология илиминдеги ушул багыттагы изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн теориялык-методикалык базасынын негизинде иштелип чыккан.

Абдувапова Айнагүл Тешебаевнанын диссертациялык ишинин илимий жыйынтыктары ички биримдикке ээ жана жеткиликтүү материалдар менен ынанымдуу тастыкталган.

**6.Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

Изилдөөнүн жыйынтыктары мамлекеттин анын ичинде аймактардын демографиялык, социалдык-экономикалык өнүгүү багыттарын аныктоодо; Кыргызстандын көп улуттуу калкынын социалдык-экономикалык абалы,маданий өнүгүүсү, тарыхы боюнча атайын курстарды иштеп чыгууда; этнодемография, этнология боюнча жалпылоочу эмгектерди жазууда; студенттерге, магистранттарга, аспиранттарга тарых, этнология, демография,социология предметтерин окутууда, окуу-усулдук колдонмолорду түзүүдө, курстук, жыйынтыктоочу квалификациялык иштерди жазууда жана аталган тармактар боюнча илимий иштерди жалпылоодо пайдаланылышы мүмкүн.

**7. Авторефераттын жана диссертациянын мазмунунун дал келиши.**

Авторефераттын мазмуну диссертациянын түзүмүнө, мазмунуна туура келет, негизги жыйынтыктарды жана корутундуну камтыйт. Авторефератта кыргыз, орус, англис тилдеринде резюмелер бар.

**8. Диссертациянын жыйынтыктары жана корутундусунун автордун тема боюнча жарыяланган эмгектеринде тастыкталышы.**

Диссертациялык иштин мазмуну изилдөөчүнүн 11 макаласында чагылдырылган. Алардын ичинен бирөө Россияда, бирөө АКШда басылып чыккан.

1. Абдувапова А.Т. Калктын социалдык абалы жана миграциялык коопсуздук. [Текст] / А.Т. Абдувапова. // ОшМУ Жарчысы. – 2012.– № 2. – 9–12-бб.
2. Абдувапова А.Т. Жумушсуздуксоциалдыкиштердинобьектисикатарында. [Текст] / А.Т. Абдувапова. // ОшМУЖарчысы. – 2012. – № 2. – 12-15-бб.
3. Абдувапова А.Т. Ош облусу: Учурдагы этнодемографиялыкпроцесстер. [Текст] / А.Т. Абдувапова // Кыргызстан жанаБорбордук Азия – баарлашуунунмейкиндиги: Этностораралыкмамилелердибекемдөөнүнөтмүшү, учуружанакелечеги:

КР УИАсынын мүчө кабарчысы, тарых илимдеринин доктору, профессор Абылабек Асанкановдун 60 жылдыгына арналган Кыргызстандын этнологдору менен антропологдорунун II Конгрессинин (Бишкек шаары, 2015-жылдын 4-апрели) баяндамалары жана илимий макалалар жыйнагы / Жооптуу ред. А.Р.Бикбулатова, илимий ред. Т.К.Чоротегин. – Бишкек: "Maxprint" басмасы, 2015. –ТарыхжанаМурастүрмөгү. – 401–406-бб.

4. Абдувапова А.Т. Ош облусунундагымиграциялыкпроцесстердинэтникалыкаспектиси. [Текст] / А.Т. Абдувапова // ОшМУЖарчысы. – 2015. – №2. – 68–71-бб.
5. Абдувапова А.Т. Азыркымезилдеги рынок экономикасынын калктын социалдык түзүмүнө тийгизген таасири (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөлөрүнүн негизинде [Текст] / А.Т. Абдувапова, Чыныкеева, Г.Э. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – № 11, 2016. – 227-230-бб.
6. Абдувапова А.Т. Учурдагы этнодемографиялык процесстердин социалдык-экономикалыка тийгизген таасири (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде. [Текст] / А.Т. Абдувапова // Ош МУжарчысы. – 2016. – № 3. – 26–30-бб.
7. Абдувапова А.Т. Ош облусу: учурдагы калктын табигый кыймылы. [Текст] / А.Т. Абдувапова, А.Р. Джоошбекова // Ала-Тоодогу заманбап этнография көйгөйлөрү: Кыргыздын туңгуч этнограф айымы Какен Мамбеталиеванын (1936–1984) 80 жылдык маарекесине арналган жыйнак / Жооптуу ред. Г.С.Мамбеталиева м-н Т.К.Чоротегин. – Бишкек: MaxPrint басмасы, 2016. – "Мурас" фонду. – "Тарых жана мурас" түрмөгү. – 31–36-бб.
8. Абдувапова А.Т. Кыргызстандын түштүгүндөгү шаар калкынын этнодемографиялык өнүгүүсү (Ош облусундагы шаарлардын мисалында). [Текст] / А.Т. Абдувапова, Г.Э Чыныкеева // ОшМУ жарчысы.2017.– Атайын чыгарылыш. – 32–35-бб.

9. Абдувапова А.Т. Ош шаары: азыркы мезгилдеги миграциялык процесстер (1989-2009-жылдар). [Текст] / А.Т. Абдувапова, А.Р. Джоошбекова, Г.Э. Чыныкеева // БГУ жарчысы. – Бишкек, 2015. – № 3-4 (33-44). – 26–29-бб.
10. Абдувапова А.Т. Ошская область: естественное движение населения в настоящее время. [Текст] / А.Т. Абдувапова// Молодой ученый. – Международный журнал. – № 5 (139), – 2017. – С. 367–371.
11. АбдуваповаА.Т. Modern Migration Processes: The Arguments (Reasons) Factors And The Main Directions (based on ethno-sociological research in the Osh region) [Текст] / А.Т. Абдувапова// Bridge To Science Research Works. – February 28, – 2018, San Francisco, California, USA. – P. 28–33.

## 9. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтержана изденүүчүгө сунуштар.

1. «Ош облусунун тургундарынын рынок шартына ынгайлашуусунун өзгөчөлүктөрү» деген бөлүмүндө, автор социологиялык сурамжылоо өткөзүп, адамдардын болгон маселеге көз карашын гана жазды. Бирок, жашоочулардын рынок шартына болгон практикалык адаптациясын, басып өткөн тепкичтерин, өзгөчөлүктөрүн, терс жана оң жактарын көрсөтүлгөн жок.
2. Ар бир главадан жана абзацтан кийин автор тыянактарды жана корутундуларды чыгарышы керек, бирок кээ бирлеринде алар өтө кыска берилген, кээ бирлеринде берилген жок.
3. Автор, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин маалыматтарын көбүрөөк колдонушу зарыл.
4. Грамматикалык каталарды оңдоо жана таблицалардын номерлерин туура көрсөтүү зарыл.

**10.Диссертациялык иштин Кыргыз РеспубликасынынУлуттук аттестациялык комиссиясынын окумуштуулук даражаларды ыйгаруу боюнча талаптарына дал келиши.**

Абдувапова Айнагүл Тешебаевнанын “**Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде)**”деген темадагы 07.00.07. – Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясыКыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын окумуштуулук даражаларды ыйгаруу боюнча талаптарына ылайык келет, ал эми диссертант 07.00.07– Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

**Расмий оппонент,**
**т. и. д. профессор,**
**КР УИАнын**
**мүчө-корреспонденти,**
**КР УИАнын Д. Жамгырчинов ат.**
**Тарых, этнография жана археология**
**институтунун**
**Борбор Азиядагы гуманитардык**
**изилдөө Борборунун жетекчиси** **Койчуманова Ч.У.**

«КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Б. ДЖАМГЕРЧИНОВ АТЫНДАГЫ ТАРЫХ, АРХЕОЛОГИЯ ЖАНА ЭТНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ»МЕКЕМЕСИ
УЧРЕЖДЕНИЕ «ИНСТИТУТ ИСТОРИИ, АРХЕОЛОГИИ И ЭТНОЛОГИИ ИМ. Б. ДЖАМГЕРЧИНОВА НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ»
ИНН 02003199710104
№ 04-8/46
«10» 11 2021 г.

Уч. секр. Д 07.21.628

**«Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде) аттуу темадагы 07.00.07.- этнография, этнология жана антропология тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу учун Абдувапова Айнагүл Тешебаевна жазган диссертациялык**

**П И К И Р**

1. **Диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.**

Рынок экономикасына өтүү, кардиналдуу социалдык-экономикалык жана саясий реформалардын жүрүшү, өлкөдөгү социалдык-экономикалык кыйынчылыктар Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнөн кийинки жылдары анын калкынын өнүгүү динамикасына жана мүнөзүнө чечкиндүү таасир тийгизди. Ошондуктан учурда республикадагы этнодемографиялык жүрүмдөрдү терең жана ар тараптуу изилдөө актуалдуу болуп саналат.

Кыргызстандын түштүгүндө жайгашкан Ош облусунун мисалындагы бул изилдөөдө өлкөдөгү саясий жана экономикалык өзгөрүүлөрдүн республикадагы этнодемографиялык жүрүмдөргө тийгизген таасирин ачып көрсөтүүгө аракет жасалды. Бул облус – ири ресурстарга бай жана өндүрүштүк мүмкүнчүлүгү жогору өнөр-жай жана маданий борборлорунун бири болуп саналат.

Кыргызстандын аймактарындагы элдердин тарыхый өнүгүүсүнүн көп түрдүүлүгү, андагы жашаган калктын өзүн-өзү өндүрүүсү жана жашоо 4 ишмердүүлүгү илимий жактан гана актуалдуу эмес, анын практикалык да мааниси чоң. Калктын демографиялык жүрүмдөрү бир топ факторлор, анын ичинде аймактын тарыхый өзгөчөлүктөрү, экономикалык өнүгүүсүнүн деңгээли, ар түрдүү этностордун маданияттарынын бири-бирине тийгизген таасири менен да шартталат. Облустун калкынын этнодемографиялык жүрүмдөрү этнологиялык жактан изилдене электиги изилдөөнүн актуалдуулугун аныктайт.

Калктын социалдык жана этностук түзүмүндөгү өзгөрүүлөрдү талдоо, анын демографиялык өнүгүүсүндөгү азыркы учурдагы социалдык-экономикалык жаңылануулар менен шартталган багыттарды жана алардын өлкөгө жагымдуу жана жагымсыз жактарын белгилөө менен тийиштүү мамлекеттик уюмдарга сунуш киргизип туруу – бул коомдук илимдердин, анын ичинде этнология, этносоциология илимдеринин милдеттеринин бири.

Изилдөөдө каралып жаткан маселелер этностун түзүмүнүн, жаңы социалдык-демографиялык багыттардын калыптанышына таасирин аныктоо максатында да маанилүү.

Жогоруда белгиленгендер каралып жаткан диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугун далилдеп турат.

2. **Диссертациялык иштин илимий натыйжалары**

Диссертациялык иште азыркы учурдагы Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөрдүн шарттарын аныктоого арналып, аларды этносоциологиялык сурамжылоо аркылуу тастыктоо менен төмөнкүдөй натыйжалар алынган:

**Натыйжа 1:** Диссертант теманын актуалдуулугун атайын негиздеген. Диссертациялык иштин максаттары жана милдеттери туура коюлган. Калктын демографиялык өнүгүүсүнө бир топ факторлор, анын ичинде калктын аймактык жайгашуусу, тарыхый өнүгүүсү, экономикалык өнүгүү деңгээли, жанаша жашаган түрдүү этностордун чарбалык жана руханий маданияттарынын бири-бирине таасир этүүсүн шарттайт (Киришүү).

**Натыйжа 2.** Чет элдик жана ата мекендик изилдөөчүлөрдүн илимий эмгектерин талдоого таянып, автор илимий адабиятта али жетишсиз чагылдырыла элек көптөгөн маселелер бар экенин белгилейт. Автор тандап алган изилдөө методологиясы жана ар кандай булактарды пайдалануу совет жана постсоветтик мезгилиндеги калктын өсүп-өнүгүү маселелерин, калктын табигый кыймылын, миграциялык жана жалпы демографиялык жагдайга таасирин тийгизчү демографиялык, социалдык - экономикалык, маданий факторлорлорун талдоого жардам берди (1-бап, 1.1; 1.2-бөлүм).

**Натыйжа 3.** Автор изилдөөнүн методологиялык негиздерин жана методдорун чагылдырган. Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөрүн изилдөөнүн булактык базасы болуп Ош облусунда жүргүзүлгөн этносоциологиялык изилдөөнүн материалдары эсептелет (2 бап, 2.1., 2.2. -бөлүм)

**Натыйжа 4.** Рыноктук мамилелердин шартында облустун тургундары жаңы турмуштук шартта өзүлөрү да өзгөрүп жаткандыгын белгилеп, социалдык-экономикалык шарттарда калктын ыйгайлашуусунун өзгөчөлүктөрү,

демографиялык жүрүмдөрдүн өнүгүүсү, өсүүшү статистикалык маалыматка таянып кенири талданган. (3-бап, 3.1.;3.2.; бөлүм)
**Натыйжа 5.** Экономикалык турмуштун рынок шартына өтүүсү облустун тургундарынын үй-бүлөлөрүнүн материалдык абалынын өзгөрүүсүнө чоң таасирлерди берди. Табигый өсүш облустун айыл калкында шаардык калкка караганда жогору. Социалдык -экономикалык шарттарга эле карабай, элдин маданий баалуулуктарында көп балалуу болуу салты төрөлүүлөрдүн санынын жогору болушун шарттады. Аймактын калкынын абалы жана анын табигый өсүшү, анын динамикасы каралган (3-бап, 3.3 бөлүм).
**Натыйжа 6.** Облустун калкынын этностук курамынын өзгөрүүсү жана ага миграциянын тийгизген таасири, стратегиялык маанилүү айылдарда калкты сактоо жана алардын миграциясын көзөмөлдөө үчүн жаш кадрларга жакшы шарттарды түзүүгө багытталган программалар керектиги тастыкталган (4-бап, 4.1. бөлүм).
**Натыйжа 7.** Облустагы никелешүү жана ажырашуу процесстери калктын турмушунда, өнүгүүсүндө маанилүү орунду ээлейт, андыктан, кыргыздардын нике жана үй-бүлө мамилелеринин абалын, көйгөйлөрү изилдөөгө алынды (4-бап, 4.2; бөлүм).
**Натыйжа 8.** Азыркы мезгилде калктын демографиялык жактан өнүгүүсүнө калктын билим денгээлинин түздөн-түз таасири бар. Билим сапатынын начарлашы, мектепке тартылбаган балдардын санынын өсүшү келечектеги демографиялык жүрүмдөргө таасир этээри жана балалуу болуу жашындагы энелердин билим деңгээли да төрөлүүлөргө, балдарды тарбиялоодо жана аларды социализациялоодо чоң роль ойнойт (4-бап, 4.3; бөлүм).
**Натыйжа 9.** Көп этностуу Кыргызстандын калкынын жайгашышы ар түрдүү. Негизинен республиканынын географиялык өзгөчөлүктөрү таасирин тийгизет. Этностук процесстердин өнүгүшү көбүнчө элдердин аймактарга жайланышуу өзгөчөлүктөрү менен да байланышта. Негизги калк – кыргыздар өлкөнүн бардык аймактарында жайгашкан (4-бап, 4.4; бөлүм).

3. **Диссертациядагы жыйынтыктардын негиздүүлүгү жана ынанымдуулугунун деңгээли:**

Диссертациялык изилдөөдө азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөрдүн социалдык-экономикалык, демографиялык өнүгүү багыттарын, Кыргызстандын көп улуттуу калкынын социалдык-экономикалык абалы, маданий өнүгүүсү,архивинин материалдары, изденүүчүнүн этносоциологиялык материалдары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын руспубликалык жарандык абалдын актыларын жазуу архивинин материалдары, Эл каттоонун материалдары, статистикалык жыйнактар, Мамлекеттик борбордук архивде сакталган баалуу тарыхый документтер жана чет өлкөлүк, кыргызстандык илимпоздордун жарык көргөн илимий эмгектери кеңири колдонулган.

**Алынган жыйынтыктардын ишенимдүүлүгү жана ынанымдуулугу** автордун этносоциологиялык материалдарынын,тарыхый булактарды талдоонун негизинде автордун тарыхый-салыштырмалуулук, тарыхый объективдүүлүк ыкмаларын, этностук жараянды ар дайым өнүгүп туруучу көрүнүш катары баалоо ыкмасын колдонуу менен камсыздандырылган. Диссертациялык иште көрсөтүлгөн изилдөөнүн бүтүмдөрүн, жыйынтыктарын жана корутундуларын жаңы деп баалоого болот. Диссертациялык иштин илимий жыйынтыктары менен жоболору анын жаңылыгын чагылдырат.

**4. Диссертациядагы илимий жыйынтыктар менен корутундулардын жанычылыгынын денгээли.**

Иштин жаңылыгы атайын илимий изилдөөнүн предмети боло элек теманын түзүлүшү, али жетишээрлик деңгээлде изилдене элек маселелердин чечилиши менен шартталган.

**Натыйжа 1.** Жаңы. Буга чейин Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөдү изилдөө аракети жасалганы менен, этнологиялык жактан алганда бул көйгөй биринчи жолу изилденип жатат.

**Натыйжа 2.** Жаңы. Ата мекендик жана чет өлкөлүк илимде азыркы этнодемографиялык жүрүмдөрдүн көйгөйлөрү социалдык-экономикалык шарттар, облустун райондору жана шаарлары боюнча административдик-территориялык өзгөрүүлөр этнология илиминде өз алдынча алгачкы жолу изилденген.

**Натыйжа 3.** Жаңы. Ош облусунун калкынын рынок шарттарына карата ыңгайланышуусу, үй-бүлөнүн материалдык абалынын калктын өзүн-өзү жаратуусуна таасири алгачкы жолу өз алдынча этносоциологиялык материалдар менен аныкталды

**Натыйжа 4.** Жаңы, анткени булактардын негизги бөлүгү өзүнүн эносоциологиялык изилдөөсүнүн, байкоолорунун жана талаа изилдөөлөрүнүн материалдары болуп эсептелет.

**Натыйжа** 5. Жаңы. Башка материалдар менен бирге Ош облусунун рыноктук жаңы шарттарына ынгайлашуу өзгөчөлүктөрү боюнча материалдар талдоого алынган.

**Натыйжа 6.** Жаңы. Ош облусунун калкынын этностук курамынын өзгөрүүсүнө, никелешүү жана ажырашуусунун өзгөчөлүктөрүнө, этнодемографиялык жактан өнүгүүсүнө табигый өсүштүн жана миграциянын таасири көрсөтүлдү

**Натыйжа 7.** Жаңы. Ош облусунун калкынын этностук курамынын өзгөрүүсүнө, никелешүү жана ажырашуусунун өзгөчөлүктөрүнө, этнодемографиялык жактан өнүгүүсүнө табигый өсүштүн жана миграциянын таасири көрсөтүлдү

**Натыйжа 8.** Жаңы. Калктын этностук курамынын динамикасы, жыныстык жана жаш курамдары изилденди жана анын өзгөчөлүктөрү белгиленди.
**Натыйжа 9**. Жаңы. Калктын социалдык-демографиялык түзүмү жана аймактарда жайгашуусунун өзгөчөлүктөрү талдоого алынды

**5.Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда изилдөөгө алынган актуалдуу маселелерди чечүүдө илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин жана багыттулугун баалоо.**

Абдувапова А.Т. **"Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде)"** деген темадагы 07.00.07 – Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча кандидаттык илимий даражаны изденип алуу үчүн жазган диссертациясылык иши Кыргызстандын түштүгүндөгү азыркы мезгилдеги Ош облусу боюнча этнодемографиялык жүрүмдөрдүн өнүгүүсүн этносоциологиялык талаа материалдарынын, тарыхый булактардын негизинде комплекстүү изилдеген илимий эмгек болуп эсептелет. Диссертант тарабынан иликтенген жыйынтыктар ишенимдүү жана ынандыраарлык деңгээлде, ич ара логикалык байланышы бар, практикалык сунуштары илимий жыйынтыктарга жана жоболорго таянып негизделген. Автор жаңы натыйжаларды жана жоболорду өздүк материалдарын, тарыхый булактарды талдоого таянуу менен чыгарган. Негизги маселелерди кароодо ички биримдик, багыттуулук жана хронологиялык-проблемалык мамиле сакталган.

**6. Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү**

Диссертациянын практикалык мааниси чоң. Кыргызстандын көп улуттуу калкынын социалдык-экономикалык абалы, маданий өнүгүүсү, өлкөдөгү этностордун ортосундагы мамилелерди жакшыртууга жана бекемдөөгө жардам берет. Ошондой эле Кыргызстан элинин жалпылыгынын калыптанышына түрткү болот. Диссертациянын жыйынтыктары өлкөнүн бийлик бутактарынын демографиялык маселеси боюнча туура жана социалдык-экономикалык өнүгүү багыттарын аныктоодо, өнүгүшүнө шарт түзгөн чечимдерди чыгарууга көмөкчү болот.

Изилдөөнүн жыйынтыктарын жогорку окуу жайлар үчүн окуу китептерин даярдоодо, атайын курстарды окутууда пайдаланса болот.

Кыргызстандын этносторунун тарыхын, өнүгүүсүн изилдеген жаш илимпоздор да пайдаланса болот.

**7. Илимий изилдөөнүн негизги жыйынтыктары жана жоболорунун жарык көрүшү.**

Диссертациянын илимий жыйынтыктары Кыргызстанда жана Казакстанда жарык көргөн 11 илимий макалаларда чагылдырылган.

Диссертациянын негизги жоболору, идеялары жана жыйынтыктары өлкөдөгү жана чет өлкөлөрдөгү өткөн республикалык жана эл аралык илимий конференцияларда, окууларда, тегерек столдордо жана башка илимий форумдарда баяндама катары окулду.

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Авторефератта диссертациялык иштин негизги мазмуну толук камтылып, Кыргыз Республикасынын жогорку аттестациялык комиссиясынын авторефераттарга коюлган талаптарына толук жооп берет

**9. Диссертациянын мазмунундагы жана жазылышындагы мүчүлүштүктөр.**

Диссертация көрсөтүлгөн бир топ баалуу натыйжаларды камтыгандыгына карабастан, айрым мүчүлүштүктөр кетирилген. Алар төмөнкүлөрдү камтыйт:

1. Диссертациялык эмгектин максатын коюуда биринчи этностордун аймактык жайгашуусунун өзгөчөлүктөрүн изилдөө жүргүзүп, анан аныктап талдоо кылса туура болмок (3-4 бет).
2. Эгерде диссертант башка жылдарга карата статистикалык салыштырмалуу анализ жазап, анан өзүнүн этносоциологиялык сурамжылоонун натыйжасынын көргөзгөндө изилдөөнүн баалулугу мындан дагы жогору болмок.
3. 56 б. Жумушсуздарга жумуш орундарын таап берүү, түзүү иштери калкты иш менен камсыз кылуу борборлорду деп жалпылаштырып кеткен, кайсы органдар экенин белгилеп, кайсы тармактарга көбүрөөк жумушчу талап кылынаарын тагыраак жазылса туура болмок.

Жогоруда көрсөтүлгөн кемчиликтер диссертациянын жалпы мүнөзүн түздөн-түз өзгөртпөйт жана анын баалуулугун төмөндөтпөйт.

**10. Диссертациялык иштин КР Жогорку аттестациялык комиссиясынын окумуштуулук даражаларды ыйгаруу боюнча талаптарына дал келиши.**

Абдувапова Айнагүл Тешебаевна "**Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде)**" аттуу темадагы изилдөөсү Кыргыз Республикасынын УАКтын кандидаттык даражаны изденип алуу үчүн жазылуучу диссертацияларга коюлган талаптарга туура келет, ал эми изилдөөнүн автору 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология

адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ болууга татыктуу.

**Расмий оппонент,**
**тарых илиминин кандидаты,**
**доцент:** **Ж.К.Омурзакова**

Ж.К.Омурзакованын колун тастыктайм

Кадрлар бөлүмү: Кудуралиева С.Ч.

«КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Б. ДЖАМГЕРЧИНОВ АТЫНДАГЫ ТАРЫХ, АРХЕОЛОГИЯ ЖАНА ЭТНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ» МЕКЕМЕСИ

№ 04-8/47
«10» 11 2021 ж.

Уч. секр Д 07.21.628